## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. К. Эшимбеков атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин камкорчуларынын коомдук бирикмеси

(мындан ары МККБ) - руханий жана башка материалдык муктаждыгын канааттандыруу үчүн жалпы кызыкчылыктар негизинде жарандардын ыктыярлуу коммерциялык эмес бирикмеси.

1.2. МККБ өз иш-аракетинде комерциялык эмес уюмдардын иш- аракетин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле ушул Уставды жана МККБ башка документтерди жетекчиликке алат.

1.3.МККБ фирмалык аталышы:

а) мамлекеттик тилде:

К. Эшимбеков атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин камкорчуларынын «ЫРЫСКЫ»коомдук бирикмеси

мамлекеттик тилде кыскатылган аталышы:

К. Эшимбеков атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин «ЫРЫСКЫ» КБ

б) расмий тилде:

Общественное объединение попечителей «ЫРЫСКЫ»

Общеобразовательной средней школы имени К. Эшимбекова

расмий тилде кыскартылган фирмалык аталышы:

ОО попечителей «ЫРЫСКЫ» общеобразовательной средней школы имени К. Эшимбекова

1.4. МККБ жайгашкан жери:

Кыргыз Республикасы, Ысык-Кол облусу, Тегизчил айылы, Рахмат коч. 45

1.5. МККБ саясий же коммерциялык уюм болуп саналбайт жана саясий же коммерциялык максаттарды көздөбөйт.

1.6. МККБ иш- аракетинин мөөнөтү чектелбеген.

1.7. МККБ Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзам белгилеген тартипте өз иш-аракетинин предметин жана максатын аткаруу боюнча аракет кылат.

## II. УКУКТУК АБАЛЫ

2.1.МККБ мамлекеттик катталгандан учурдан кийин жана өз иш-аракетин токтотконго чейин Кыргыз Республикасынын азыркы мыйзамдарына ылайык иш-аракетти жүргүзгөн юридикалык жак болуп саналат, менчигинде обочолонгон мүлкү бар жана өз милдеттери боюнча ошол мүлк менен жооп берет, жарандык-укуктук мамилелерди курат, келишимдерди түзөт, өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды жана милдеттерди жүргүзө алат, Кыргыз Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн сотторунда жоопко тартылуучу жана жооп берүүчү болушу мүмкүн, өз алдынча балансы бар, өзүнүн символикасы, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы менен мөөрү жана штампы бар, Кыргыз Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн банктарында жана кредиттик мекемелерде улуттук валютада жана чет элдик валютада эсептери болот.

2.2. МККБ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, өз иш-аракетинин максаттарына жана предметине жетишүү боюнча иш-аракетти